# Борбор Азиядагы Укук Үстөмдүгү Программасы 2020-2024

Жалпы укуктук чөйрө

Адам укуктарын коргоону бекемдөө

Экономикалык кылмыштар менен күрөшүү

Мекемелик колдоо

Европа Биримдиги тарабынан кошо каржыланат

ЕВРОПА БИРИМДИГИ

COUNCIL OF EUROPE

CONSEIL DE L'EUROPE

Европа Кеңеши тарабынан кошо каржыланат жана ишке ашырылат



Борбор Азиядагы Укук Үстөмдүгү Программасы 2020 – 2024* – бул Европа Биримдиги менен Европа Кеңешинин өнөктөштүгүнүн алкагында иштелип чыккан, бирдей максаттарга жана баалуулуктарга негизделген кызматташуу демилгеси. Программа Европа Кеңешинин тажрыйбасын колдонууну каалаган жана Европа Кеңешинин коңшу өлкөлөргө карата саясатына дал келген кызматташтыктын шарттарын сактаган бардык Борбор Азия өлкөлөрүнө ачык. Программа Европа Кеңешинин Борбор Азия боюнча Стратегиясына дал келет. Программанын башкы максаты Европа жана башка эл аралык стандарттарга ылайык, адамдын укуктарын, укук үстөмдүгүн жана демократияны бекемдөө аркылуу жарандардын жашоосун жакшыртуу.

Программа үч негизги бөлүктөн турат:

- 1. Европа менен Борбор Азиянын ортосунда жалпы укуктук чөйрөнү түзүүгө көмөктөшүү жана адам укуктарын коргоону бекемдөө;
- 2. Экономикалык кылмыштар менен күрөшүү жана ачык-айкындыкка көмөктөшүү;
- 3. Мамлекетти башкаруу органдарынын жана мамлекет мекемелердин натыйжалуу иштөөсүн жакшыртуу.

* Программа 2024 жылдын июн айына чейин узартылды.

## БИЗ КАЙСЫ МАКСАТТЫ КӨЗДӨЙБҮЗ?

- Европа менен Борбор Азиянын ортосундагы регионалдуу жалпы укуктук чөйрөнү кеңейтүү жана жакшыртуу жана Борбор Азияда HELP программасы аркылуу адам укуктарын коргоону бекемдөө;
- Борбор Азия өлкөлөрүндөгү жеке ишкерлердин укуктарын коргоо жана административдик тоскоолдуктарды азайтуу менен жеке тармакта бизнес бүтүндүктү жана шайкештикти бекемдөө;
- Паракорлукка, акчаны адалдоого каршы эффективдүү ишаракеттерди жана активдерди кайтаруу системасын Борбор Азия өлкөлөрүндө бекемдөө;
- Улуттук өнөктөштөргө укуктук системаларда, соттук бийликте жана мамлекеттик мекемелерде реформага мүмкүнчүлүк түзүү.

### Борбор Азиядагы Укук Үстөмдүгү Программасы тууралуу кыскача

Программа Борбор Азияда Европа Кеңеши тарабынан  ашырылатанын жалпы бюджетин €8 889 000 түзөт (90% Евробиримдик, 10% Европа Кеңеши менен каржыланат);

Программа регионалдуу ченемде Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстанды камтыйт;

Борбор Азиядагы Укук Үстөмдүгү Программанын жетекчилиги улуттук бийликтин, Европа Биримдигинин жана Европа Кеңешинин өкүлдөрүнөн турган регионалдуу жана эки тараптуу башкаруу комитеттери аркылуу иш жүзүнө ашат.

## БИЗ КАНТИП ИШТЕЙБИЗ?

- Европа Кеңешинин негизги конвенциялары тууралуу билимин кеңейтип жана конвенция системасы тууралуу туура түшүнүк берүү жана ратификацияланган конвенцияларды жана башка эл аралык стандарттарды натыйжалуу өздөштүрүүгө көмөктөшүү;
- Регионалдуу диалогторго өбөлгө түзүү жана жергиликтүү механизмдердин тармагын жайылтуу жана Борбор Азиядагы эң ийгиликтүү тажрыйбаларды бөлүшүү;
- Укуктук жана саясий базаны жакшыртуу үчүн экспертиза менен камсыздоо жана тиешелүү өлкөлөрдө институттук потенциалды түзүү;
- Борбор Азияда жүзөгө ашырылып жаткан реформаларда экспертизаны, потенциалды өстүрүү жана техникалык жардамды көрсөтүү.



## УНИКАЛДУУ ЫКМА

### Регионалдуу кызматташтык

Улуттук жана регионалдуу иш-чараларды бирдей камсыздоо менен Программа жалпы аймактык көйгөйлөрдү жемиштүү жана жөндүү чечүүгө мүмкүнчүлүк берет, ошо менен бирге айрым өлкөлөрдүн өзгөчө муктаждыктарына жана талаптарына натыйжалуу жооп берет.

### Ар бир өлкөнүн муктаждыктарын эске алуу

Программа ар бир өлкөнүн өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алууга ыкма негиздейт, жана улуттук бийликтин сурамдарына татыктуу. Улуттук өнөктөштөр менен өткөрүлүп турган туруктуу кеңешмелер Программанын иш планын тууралап кайсы аймактар абдан муктаж болсо, кайсы жерде мыкты жыйынтыктар болсо ошол жакка жардамды багыттоого мүмкүнчүлүк берет.

### Өнөктөштүрдүн катышуусу жана Программанын жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик

Программага жана анын натыйжаларына ээлик кылуу активдүү аркылуу камсыз кылынат, иштеп чыгууга жана ишке ашырууга өнөктөштөрдүн үзгүлтүксүз катышуусу муктаж. Андан сырткары, жергиликтүү катышуучулар туруктуу жыйынтыкка жана өнөктөштүрдүн Программанын ишине толук берилүүсүнө салым кошот.

### Кайчылаш маселелер

Программага тиешелүү бардык иш-чаралар адам укуктарын эске алуу менен жүргүзүлөт, анын ичинде гендердик теңчилик – Европа Кеңешинин Гендердик Теңчилик Стратегиясына ылайык, дискриминация кылбоо, тең укуктуу инклюзивдүү катышуу, калктын аярлуу жана аз сандагы катмарына басым кылуу. Жарандык уюмдар менен кызматташуу Европа Кеңешинин кызматташтык иш-аракеттеринде Европа Кеңешинин Жарандык Уюмдарга Колдонмолор ылайык камсыздалат.




## Европа Кеңешинин стратегиялык үч бурчтугу

Европа Кеңешинин техникалык жардам көрсөтүү программалары уникалдуу стратегиялык үч бурчтуктун ажырагыс бөлүгү жана орнотулган стандарттар, мониторинг жана кызматташтыктан турат. Юридикалык стандарттардын өнүгүүсү көз карандысыз мониторинг механизмдерге тыкыз байланган жана аларды ишке ашыруу үчүн техникалык жардам менен коштолгон. Борбор Азия өлкөлөрүнө болсо Европа Кеңешинин мүчөсү болбогондуктан, тиешелүү конвенцияларга келишим тарап болмоюнча мониторинг механизмдери колдонулбайт. Европа Кеңеши Уюм жетиштүү тажрыйбасы жана билими бар, чоң салымын кошкон аймактарда иш алып барат, анын ичинде эл аралык таанымал адистердин жалпы фондунун жардамы менен.



## БАЙЛАНЫШ

**Борбор Азиядагы Укук Үстөмдүгү Программасынын Тобу**
**Программаны координациялоо директораты**
**Европа Кеңеши**
**Avenue de l'Europe F-67075 Strasbourg Cedex, France**

**E-mail: central.asia.programme@coe.int**

@CentralAsia.RuleofLaw

**ПРОГРАММАНЫН САЙТЫ**
**http://central-asia-eu.coe.int/**

PREMS 151923 – Photos: Shutterstock

KYRGYZ

Европа Биримдигинин мүчө өлкөлөрү жаңы технологияларын, ресурстарын жана тагдырларын бириктирүүнү чечишти. Алар бирге туруктуулуктун, демократиянын жана туруктуу өнүгүүнүн чөйрөсүн түзүштү, ошону менен бирге маданияттын түрлүүлүгүн, сабырдуулуктуу жана жеке эркиндикти сакташат. Европа Биримдиги жетишкендиктери жана баалуулуктары менен чек аралардан сырттагы өлкөлөр жана адамдар менен бөлүшүүгө ачык.

**www.europa.eu**

Европа Кеңеши адам укуктары боюнча континеттин алдыңкы уюму. Ага 46 мүчө өлкө кирет, анын ичинде Европа Биримдигинин бардык мүчөлөрү. Европа Кеңешинин бардык мүчөлөрү Адам Укуктары боюнча Европа Конвенциясына кол коюшкан, келишим адам укуктарын, демократияны жана мыйзам үстөмдүгүн коргоого чакырылган. Адам Укуктары боюнча Европа Соту мүчө өлкөлөрдө Конвенциянын өздөштүрүүсүн көзөмөлдөп турат.

**www.coe.int**

Европа Биримдиги тарабынан кошо каржыланат

ЕВРОПА БИРИМДИГИ

COUNCIL OF EUROPE
CONSEIL DE L'EUROPE

Европа Кеңеши тарабынан кошо каржыланат жана ишке ашырылат